**УДК: 81.37.**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-550-556**

**Жолдошалиева Н.А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Nargiza_ipk@mail.ru
**Ажымамбетова Д.Т.**
окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Dilbara-ipk@mail.ru

**СЕМАНТИКА ТИЛДИН НЕГИЗГИ КОМПОНЕНТИ КАТАРЫ**

**Аннотация:** Акыркы жылдары лексикографиялык жана лексикологиялык илимий иштер тил илиминде кеңири орун ала баштады. Анын ичинен семантика азыркы тил илиминин көңүл борборунда турат, б.а. тилдин семантикалык аспектисин изилдебей туруп, тилдин функционалдык табиятын, законченемдүүлүктөрүн терең түшүнүү мүмкүн эмес. Семантикалык аспектиде тилдин бардык катмарлары, ошол эле учурда морфологиясы да изилденет. Бул макалада семантиканы тилдин негизги компоненти катары кароого байланыштуу маселелер каралат. Азыркы шарттарда семантикага кызыгуунун пайда болушунун негизги себептери негизделген. Төмөндө "семантика" деген түшүнүк аныкталып, анын негизги өзгөчөлүктөрү каралды. Синонимия, антонимия, гипонимия сыяктуу маселелерге токтолдук. Заманбап шарттарда семантикалык анализ жүргүзүүнүн маанилүүлүгү баса белгиленип, компьютердик технологиялар жана шаймандардын жардамы менен ар кандай тексттерди жана чыгармаларды түшүнүүнү иликтөөгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

**Негизги сөздөр:** семантика, сөз, маани, семема, структура, тил, негизги компонент, изилдөө, коом, роль, байланыш.

**Жолдошалиева Н.А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Бишкек ш.
Nargiza_ipk@mail.ru
**Ажымамбетова Д.Т.**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Бишкек ш.
Dilbara-ipk@mail.ru

**СЕМАНТИКА КАК ОСНОВНОЙ КОМПОНЕНТ ЯЗЫКА**

**Аннотация:** в последние годы лексикографические и лексикологические научные работы стали широко использоваться в лингвистике. Из них семантика находится в центре внимания современной лингвистики, то есть без изучения семантического аспекта языка невозможно глубокое понимание функциональной природы языка, его закономерностей. В семантическом аспекте изучаются все слои языка, также и морфология. В этой статье рассматриваются вопросы, связанные с рассмотрением семантики как ключевого компонента языка. Обоснованы основные причины возникновения интереса к семантике в современных условиях. Приведено определение понятия "семантика" и рассмотрены его основные характеристики. В статье затронуты вопросы такие, как синонимия, антонимия, гипонимия. Важность семантического анализа подчеркнута в современных условиях, что и позволяет исследовать понимание различных текстов и произведений с помощью компьютерных технологий и инструментов.

**Ключевые слова:** семантика, слово, значение, семема, структура, язык, основной компонент, исследование, общество, роль, коммуникация.

**Zholdoshalieva N.A.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Nargiza_ipk@mail.ru
**Azhymambetova D.T.**
Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
Dilbara-ipk@mail.ru

## SEMANTICS AS THE MAIN COMPONENT OF THE LANGUAGE

**Abstract:** In recent years, lexicographic and lexicological scientific works have become widely used in linguistics. Of these, semantics is in the focus of modern linguistics, that is, without studying the semantic aspect of language, it is impossible to have a deep understanding of the functional nature of language and its patterns. In the semantic aspect, all layers of the language are studied, as well as morphology. This article discusses issues related to the consideration of semantics as a key component of a language. The main reasons for the emergence of interest in semantics in modern conditions are substantiated. The definition of the concept of "semantics" is given and its main characteristics are considered. The article touches upon issues such as synonymy, antonymy, and hyponymy. The importance of semantic analysis is emphasized in modern conditions, which makes it possible to explore the understanding of various texts and works using computer technologies and tools.

**Keywords:** semantics, word, meaning, sememe, structure, language, main component, research, society, role, communication.

Илимий ишибиздин актуалдуулугу азыркы учурда тилдин мааниси билим берүү, тарбиялоо, маданиятта жана коомдогу жашоо-турмуштун башка чөйрөлөрүндө зор мааниге ээ экендигинде. Тилдин өзөгүн семантика түзүп турат, ж.о.э. тигил же бул сөз айкашынын, сөздүн, сүйлөмдүн уюштурулушу жана туюндурулушун түшүнүүгө жардам берет. Бул

коомдогу баарлашуу активдүүлүгүнүн деңгээлин, т.а. жөнөкөй сүйлөшүү стилинен баштап, иштиктүү стилине чейин камтып, баарлашууну жогорулатууга жардам берет.

Тил – коомдун тарыхында калыптанган татаал белгилердин системасынын жыйындысы болуп саналат. Ал кеп аркылуу функцияланышат. Кеп өз учурунда тилдик байлык б.а. тилдик материалдар аркылуу чагылдырылат. Тилдик байлык – мазмунга жана формага ээ сөздөр (лексема) болуп саналат. Ушул аспектиден алып караганда сөз социалдык, практикалык жана илимий баалуулуктарды алып жүрөт.

Сөз деген эмне? деген салттык суроо семасиология тууралуу бардык илимий эмгектерде сап башында турат. Баарыдан мурда, сөздүн мааниси жөнүндө ой жүгүртүүдө, анын лексикалык жана грамматикалык маанилери да бар экендигин унутпашыбыз керек. Семасиологиялык изилдөөлөрдө окумуштуулар аң сезимдүү түрдө лексикалык мааниси жөнүндө гана сөз кылышат. Сөздүн лексикалык мааниси – лексикологиянын жана грамматиканын да изилдөө объектиси экендиги талашсыз. Семантика тилдик бирдиктин мазмунун жана маңызын аныктайт. Негизги семантикалык бирдик болуп сөз түркүмдөрүнүн ичинен бирөөнө таандык, өз алдынчалыкка ээ сөз болуп саналат. Жогоруда айтылгандай, семантика сөздөрдүн лексикалык маанисин гана эмес, грамматикалык да маанисин өз кучагына алат. Бул эки маани өтө тыгыз байланышта. Дагы айта турган болсок, эгерде сөз грамматикалык жактан өзгөрүүгө учураса, анда анын лексикалык мааниси өзгөргөн учурлар да кездешет. Жалпысынан, семантика тилдин башкы бирдиктеринин бири десек болот. Тил илиминин бул тармагына Ш. А. Базарбаев, Н.П. Пешков, Н.Е. Чапайкина жана башка көптөгөн окумуштуулар зор салым кошуп келишкен. Бирок, келечекте семантиканын маселелерин ар тараптан кененирээк изилдөө зарыл деп эсептейбиз. Советтик тилчилер, марксистик-лениндик методологиянын жактоочулары сөз маанилерин (лексикалык жана грамматикалык) адамдын аң сезиминдеги объективдүү дүйнөнүн предметтеринин образдарын жалпылоо менен байланышкан көрүнүш катары эсептешкен. Чет элдик, ошондой эле советтик тилчилердин арасында да сөздүн өз алдынча эмес, ал качан башка сөздөр айкашканда гана лексикалык мааниге ээ деп эсептешкен изилдөөчүлөр бар. В.А.Звегинцев мындай деп жазат: «Лингвистикалык таза планда сөздүн мааниси лексикалык валенттүүлүктү түзүп турган башка сөз менен айкашуунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгүндө аныкталат» [3, 383-б.]. Сөздүн семантикасын изилдөө тилдик категориялардын тутумуна гана эмес, ой жүгүртүүнүн когнитивдик мазмунун түзгөн объективдүү дүйнөгө да кайрылууну талап кылат. Семантика (грек. semantikos – белгилөөчү, sema – белги) – илимде (тил, логика ж.б.) маани жана ойду туюнтат. Тил илиминде семантика семасиология менен карым-катнашта каралат. Ал эми семасиологиянын өзөгүн сөздөрдүн маанилери түзүп турат. Бирок лингвистикада «сөз жасоочу семантика», «синтаксистик семантика» деген терминдер бар. Бул термин мындан башка илимдерде да колдонулат. Маселен, О.С Ахманова семасиологияны «тил илими, сөздөрдүн лексикалык маанилерин жана маанилеринин өзгөрүүгө учурашын окутуп үйрөткөн бөлүм» деп аныктаган [1, 606-б.]. Семантика илим катары тилдик бирдиктердин мазмундук жагын окутуп үйрөтөт. Тилдик системанын негизги бирдиги катары эсептелген сөздүн семантикасын изилдөө зарыл маселелердин бири болуп саналат. Бул багыттын рамкасында сөздүн лексикалык мааниси, лексикалык маанинин өзгөрүшү, сөздүн лексика-семантикалык жактан өзгөрүшү, тилдин номинативдик бирдиги катары сөздүн спецификасы, лексикалык бирдиктердин семантикалык жактан өз ара карым-катыштары, полисемия жана омонимия көрүнүштөрү, сөздүн маанилери жана анын синтаксистик функциялары ж.б.аспектилер

окутуп үйрөтүлөт. Семантикага болгон кызыгуу жыл сайын билим чөйрөсүнүн адистери тарабынан дагы, азыркы тил дүйнөсүндөгү башка окумуштуулар жана изилдөөчүлөр тарабынан дагы өсүүдө. Муну бир нече себеп менен түшүндүрсө болот. Биринчиден, семантика, анын негизги өзгөчөлүктөрүн, спецификасын кеңири таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрдүн болушу. Экинчиден, мындан ары өнүктүрүү жана жакшыртуу жолдорунун болушу. Үчүнчүдөн, сапаттуу семантикалык талдоо жүргүзүү үчүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн болушу. Семантиканы изилдөөдө сөздөрдүн маанилери жана алардын айкалыштарын изилдеген тил илиминин бөлүмдөрү менен түздөн-түз байланышта болот. Бул бөлүм белгилүү объектилерге же окуяларга ж. б. байланыштуу сөздөрдү жана сөз айкаштарын колдонуу менен белгилүү бир маанини жеткирүүгө жардам берет. Мына ушул сөздөрдү жана сөз айкаштарынын бири-бири менен байланышкан белгилерине карап классикациялоо милдети коюлат.

Сөздүн семантикалык структурасы анын мааниси (семама) менен тыгыз байланыштуу. Семантикалык структурасы жок – сөздүн мааниси жок дегендик. Ушул логикалык составдык бөлүгү сөздүн маанисин калыптандырып, ар бир маани өзүнчө тилдик бирдик болуп саналарын көрсөтөт. Сөздүн маанилик компоненти кепте белгилүү билдирүүдөн кабар берет. Сөздүн маанилик курамын (структурасын) изилдөө жана талдоо, анын маанисинин логикалык бөлүктөрүн табуу, анын эң кичинекей компоненттерин (семдерин) аныктоо, анын башка семаларга болгон мамилесин аныктоо, маанилердин ортосундагы логикалык байланышты табуу (синтагма түзүү) сөздөрдүн парадигматикалык жана синтагматикалык байланыштарын аныктоого, сөздөрдүн катарларын түзүүгө жана бири-биринин парадигматикалык мамилелеринде сөздөрдү айырмалоочу мыйзам ченемдүүлүктөрдү табууга мүмкүндүк берет. Бул изилдөөлөрдүн натыйжалары семасиология, лексикография, лексикология жана жалпысынан лингвистика үчүн чоң илимий жана практикалык мааниге ээ. Ал эми күндөн-күнгө семантикалык изилдөөлөргө болгон кызыгуулар артып келет.

Лексикалык семантиканы окуп үйрөнүү философиялык түшүнүктөр менен тыгыз байланыштуу. Канткен менен дүйнөнү таанып билүү тилдик бирдиктерге тиешеси бар, объективдүү чындыктын көрүнүштөрүн чагылдырган маанилер философиялык, логикалык, лингвистикалык сыяктуу ар түрдүү аспектилер менен өз ара байланышта болуп, өз кезегинде тилдин маанилик структурасы жөнүндө бүтүн түрдө элестетилет, предмет, түшүнүк жана белгилер арасындагы карым-катышты көрсөтөт. Илимдин тарыхы сөздөрдү семантикасы боюнча ажыратуу Аристотелден башталгандыгын күбөлөндүрөт. Ой жүгүртүү менен тил категорияларынын байланышы антикалык философияда эле орун алган. Аристотель тилдеги субстанция, сан, сапат, карым-катыш (отношение), орун, мезгил категориялары атоочтук форма, ал эми иш-аракет, ал-абал жана турпат этиштик формалар аркылуу чагылдырылат деген.

Лингвисттердин семасиологияга кызыгуулары XX кылымдын экинчи жарымында башталган, ал эми кийинки 50-жылдары бул областтагы изилдөөлөр кеңири кулач жайды. Чечилбеген суроолор азайбастан, тескерисинче көбөйүп, семасиология интенсивдүү изилдөөнүн областы болуп калды. Убакыттын өтүшү менен семантика өзүнүн лингвистикалык укугун гана калыптандырбастан, изилдөө проблематикасында борбордук орунду ээлеп келет. Алсак, тилдин лексика-семантикалык системасы тууралуу маселелер Л.В.Щерба (1957), В.В.Виноградов (1953), А.И.Смирницкий (1952, 1954, 1955), Р.А.Будагов (1958, 1961, 1963) ж.б. окумуштуулардын көңүлүн бурган. Алардын эмгектеринде

маанилердин системалык байланышынын закончsettings законченемдүүлүктөрү жана сөздөгү алардын өз ара байланыштары калыптанган. Азыркы лексикологиянын изилдөө объектиси болуп сөздөрдүн кийинкидей семантикалык топтору эсептелет: лексика-семантикалык топтору, тематикалык топтору, функционалдык класстары ж.б.

Тилдин бул деңгээлинде синонимия, антонимия, гиперонимия жана гипонимия сыяктуу сөздөрдүн ортосундагы семантикалык мамилелердин жыйындысын карайт. Ал сөздөрдүн бири-бирине кандайча байланыштуу экендигин жана аларды окшош маанидеги башка сөздөр менен кантип алмаштырса болорун түшүнүүгө жардам берет [5, с.19]. Негизги семантикалык бирдиктер берилген маалыматтын маңызын жана сүрөтүн чагылдырган айрым сөздөр жана сөз айкаштары болуп саналат. Алар негизинен дүйнөнүн тил картинасынын курулуш материалы болуп саналат.

Лексикалык бирдиктер сүйлөмдү түзүүчү катары да, өз алдынча бирдик катары да өзүнчө колдонулушу мүмкүн. Ал эми грамматикалык бирдиктерди өз алдынча тилдик бирдик катары колдонууга болбойт, алар сүйлөмдө байланыштыруучу милдет аткарат. Бирок булар бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин жана ошону менен жогоруда айтылган синонимия, антонимия, гиперонимия сыяктуу семантикалык байланыштарды түзөрүн белгилей кетүү керек. Мындан тышкары, жалпы семантикалык мааниге ээ болгон бул тилдик бирдиктер семантикалык талааларга бириктирилиши мүмкүн.

Синонимия тектеш же окшош мааниге ээ сөздөрдүн ортосундагы байланышты билдирет. Мындан тышкары, мындай окшоштук толук (бирдей маани) же жарым-жартылай (айрым сөздөрдүн дал келиши) болушу мүмкүн. Синонимдин семантикалык маңызы – анын лексикалык маанисинин көлөмүнүн эквиваленттүүлүгүндө (адам – киши), анын маанилеринин сема катары дал келишинде (эшик – каалга). Мындай салыштыруу аркылуу маанилик окшошуу Синонимди толук жана толук эмес деп ажыратууга шарт түзөт. Адам да, киши да дээрлик бардык учурда семантикалык жактан дал келет, айрым коомдук аталышта адам активдешет. Эшик жана каалга дайыма бирин бири алмаштыра албайт, зат катары алмаштырып, эшикти жап, каалганы жап деп айтыла берет, бирок ич менен тышты бөлүп турган аралык катары толук дал келе бербейт, эшикке чыгып кетти дейт, каалгага чыгып кетти дебейт [6].

Антонимия таптакыр карама-каршы маанидеги сөздөрдүн ортосунда пайда болгон мамилени билдирет. Белгилей кетүүчү нерсе, антонимдер ар кандай даражада (градациялык) карама-каршы мааниге ээ болушу мүмкүн, же тескерисинче (түз) мааниге ээ болушу мүмкүн. Мисалы, суук-ысык, чоң-кичине ж. б.

Гиперонимия жана гипонимия сөздөрдүн ортосундагы байланышты аныктайт, мында бир сөз кеңири жана жалпы түшүнүүдө, экинчиси тар жана жеке түшүнүүдө пайда болот. Мисалы, жемиш-алма, алмурут, банан ж. б.

Тил илиминин биз карап жаткан бөлүмүндө «семантикалык талаа» деген түшүнүк бар, ага кайрыла кетпесек болбойт. С**емантикалык талаа** деген эмне? Сөздүн белгилүү бир маанисинде семантикалык талааны тармак же дарак катары көрсөтсө болот, мында жалпы түшүнүк тамыр системасы, ал эми анын бутактары субкатегория. Мисалы, «түс» семантикалык талаасында «ак», «жашыл», «кызыл», «көк» жана башка көптөгөн субкатегориялар бар. Демек, семантикалык талаа сөздөрдүн ортосунда кандай өз ара байланыштар бар экенин көрүүгө, аларды маанилик мааниси боюнча классификациялоого, бири-бирин алмаштыра турган сөздөрдү табууга мүмкүндүк берет.

Тилдин негизги компоненти катары семантиканы изилдөөнүн негизги куралы азыркы учурда семантикалык талдоо болуп саналат. Бул ар кандай тексттерди жана чыгармаларды түшүнүүнү изилдөө алгоритми катары иштейт. Семантикалык талдоонун өзгөчө популярдуулугу компьютер жана издөө системалары, аны кеңири колдонуу менен байланыштуу болду. Интернет тармагында семантикалык анализ жүргүзө турган, чыгармаларды жана тексттерди семантикалык мааниси боюнча талдай турган адистештирилген сайттардын көп санын табууга болот. Семантикалык анализ жүргүзүүдө изилдөөнүн коюлган максатына жетүү үчүн ар кандай методдорду, куралдарды жана каражаттарды колдонуудан турган комплекстүү мамиле колдонулушу керек деп эсептейбиз [7, 112-б.].

Тил маданиятындагы семантиканы терең түшүнүү ушул жерде зарыл экендигин белгилеп кеткибиз келет. Азыркы күндө лингвистикалык изилдөөлөр маанилик багытка басым жасай баштады [2, 286-б.] Салттуу илимий изилдөөлөрдүн өзгөрүү тенденциясында, жаңы принциптерди колдонуу менен салтуу лингвистика айкалышта изилденип келүүдө. Семантиканын предмети жана милдети өзүнүн өнүгүү тарыхында кеңейди десек болот. лингвистикалык семантика боюнча изилдөөлө технологиялык прогресстин азыркы доорунда өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Анткени заманбап шарттарда семантикалык талдоо компьютердик технологияларды жана куралдарды колдонуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн, бул аны тереңирээк жана кеңири жайылууга мүмкүндүк берет. Ал көптөгөн прикладдык маселелерди, анын ичинде маалыматтык издөө технологиясын тынымсыз өнүктүрүүнү талап кылат, интернете маалыматты адекватуу издөөгө мүмкүндүк берет. Семантикалык маселе – илимий маселе болуп саналат, бирок адам турмушунун ар кыл сферасында чоң роль ойнойт. Маселен, котормочулар, окутуучулар, жазуучулар, журналисттер, психологдор, жарнама жаратуучулар, интернет колдонуучулар үчүн сөздүктөрдү жазууда, соттук практикада, чет тилдерди үйрөнүүдө теориялык жана практикалык мааниси зор. Бул баалуулук азыркы учурда объективдүү дүйнө жана адамдын ой жүгүртүүсүнүн мазмуну тилде барган сайын адекваттуу чагылдырылып жаткандыгында да айкын көрүнүп турат.

Демек, семантика тилдин негизги компоненти болуп саналат жана колдонулган сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын маанисин, алардын өз ара байланышын, ошондой эле аларды мааниси боюнча жакын сөздөр менен алмаштыруу мүмкүнчүлүгүн түшүнүүгө өбөлгө түзөт деген тыянак чыгарууга болот. Семантика жеке адамдарга жана бүтүндөй коомго чоң маани берет, анткени ал сөздөрдүн айрым маанилерин гана эмес, автор айткысы келген идеялардын жыйындысын да түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мына ушундай жогоруда айтылгандар иштин актуалдуулугун аныктайт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. /- Москва: Изд-во "Советская энциклопедия". 1966. – С.606.
2. Жолдошалиева Н.А. Эмоционалдык ал-абалды туюндурган этиш сөздөр / И.Арабаев атын. КМУнун Жарчысы атайын чыгарылыш / Бишкек 2013. – 286-289-б.
3. Звегинцев В.А. Очерки по общему языкознанию. М: Изд-во Московского унив. 1962. – С. 383.
4. Мочалова Я.В. Влияние образования на формирование личности // Актуальные проблемы развития науки и современного образования. Белгород: ИД «Белгород» НИУ «БелГУ». 2017. – С. 246-247.

5. Пешкова Н.П. Семантика и смысл текста // Вестник Челябинского государственного университета. 2020. № 3. – С.19-29.
6. Семантика: ключевая составляющая языка и ее роль в передаче знаний [Электронный ресурс]. URL: https://nauchniestati.ru/spravka/seman-v-sisteme-yazyka/ (дата обращения 29.10.2023).
7. Чапайкина Н. Е. Семантический анализ текстов. Основные положения // Молодой ученый. 2012. № 5 (40). – С. 112-115.

**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Сабитова Э.С.**